**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Жаран Нурия Нурыяхматовна Хасанованын даттануу арызын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

4- сентябрь 2013-жыл Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын курамында судьялар Ч.О. Осмонова, Ч.А. Айдарбекова жана К.С.Сооронкулова, катчы Н.Илиязованын катышуусу менен Н.Н.Хасанованын даттануу арызын карап, төмөндөгүлөрдү,

**т а п т ы:**

жаран Н.Н.Хасанова 2013-жылдын 26-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына ( мындан ары-Конституциялык палата) жергиликтүү соттордун чечимдерине жана Жогорку сотунун токтомуна наразы экендигин билдирип даттануу арызы менен кайрылган.

Өзүнүн даттануу арызында жаран Н.Н.Хасанова Ош шаардык сотунун 2011-жылдын 12-майындагы сырттан чыгарган чечими, Ош областык сотунун граждандык иштер боюнча коллегиясынын 2011-жылдын 27-июлундагы аныктамасы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун граждандык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2011-жылдын 7-декабрындагы токтому анын закондуу укуктарын бузгандыгын жана туура эмес кабыл алынгандыгын белгилеген. Даттануу арызын дыкаттык менен текшерип, мыйзамдын чегинде чараларды көрүүнү өтүнгөн.

Судьялар коллегиясы Н.Н.Хасанованын даттануу арызан жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, даттануу арыз боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде

текшерүү жүргүзгөн судья Ч.О.Осмонованын маалыматын угуп, даттануу арызды жана ага тиркелген материалдарды изилдеп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет.

Конституциялык палата конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында Конституциянын 97-беренесинин 6-бөлүгүндө жана жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык мыйзамдын 18-беренесинин 1-бөлүгүндө мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар конституцияга карама каршы келген учурда аларды конституциялык эмес деп табуу жөнүндө иштерди карайт, деп көрсөтүлгөн.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун жана Жогорку сотунун соттук актылары өзүнүн белгилери жана касиеттери боюнча мыйзам же башка ченемдик укуктук акты болуп эсептелбейт, ошондуктан «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 25-беренеси талаптарына ылайык Н.Н.Хасанованын даттануу арызы Конституциялык палатанын кароосуна жатпайт.

Ошол эле мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык, эгерде кайрылууда билдирилген талап Конституциялык палатанын кароосуна караштуу болбосо коллегия кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогорудагылардын негизинде жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28- беренесинин 3-бөлүгүнүн 4- пунктун жана 5- бөлүгүн жетекчиликке алып судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы :**

1.Жаран Нурия Нырыяхматовна Хасанованын даттануу арызын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.
2.Даттануу арыз жана ага тиркелген материалдар Н.Н.Хасановага кайтарылып берилсин.
3.Аныктамага Конституциялык палатага даттанууга болот.

**Судьялар коллегиясы:** **Ч.О.Осмонова.**

**Ч.А.Айдарбекова**

**К.С.Сооронкулова.**